# Короз тынчтыктын символу болгондо…



Автор: Кубанычбек Аркабаев

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Короз тынчтыктын символу болгондо…

Автор: Кубанычбек Аркабаев
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Короз тынчтыктын символу болгондо…», (кыргыз тилинде), автор Кубанычбек Аркабаев, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Эрбол кечээ атасын ээрчип тынчтык майрамына барган эле. Анда жоокерлер кызыл туу көтөрүп, параддан өтүшкөн. Кооз кийинген жоокерлерге абдан суктанган. Эрболго атасы кызыл желек сатып берген. Желекте көгүчкөндүн сүрөтү бар экен.

Бүгүн Эрбол жоокерлерди туурап басып көрмөй болду. Боюн түз кармап, буттарын бийик көтөрүп, оң колундагы кызыл желекти жогору кармап, кадам шилтеп баратты.

Аңгыча алдынан кызыл короз чыкты. Ал Эрболдун колундагы желекти көрүп:

– Ко-ко-ко-ок! Эмнеге көгүчкөндүн сүрөтүн желегиңе тартып алгансың? – деди.

– Көгүчкөн – тынчтыктын символу деп атам айтты...





– Көгүчкөн адамдарга пайда алып келбеген канаттуу. Андан көрө, бул желекке менин сүрөтүмдү тартса, абдан жакшы жарашмак. Карачы, кандай сулуу канаттуумун! Ко-ко-ко-ок! – деп короз мойнун койкойтуп, куйругун чубалтып ары-бери басты. – Таң атпай “Кукареку-у!” деп кыйкырып, баарын ойготом.

Мен болбосом, уктап калып, улуулар жумуштан, а силер сабактан кечикмексинар. Тоокторум күнүгө жумуртка беришет. Ошон үчүн адамдар желекке менин сүрөтүмдү тартып, тынчтыктын символу кылышы керек.






– Эгер тынчтыктын символу болсоң, таң ата кыйкырбай каласыңбы? – деп маарады муну уккан кой.

– Анда короздор эки-экиден урушпай калат экенсиңер да! – деп каз да каркылдап кубанды.

– Тынчтыктын символу болуп калсаң, тооктордун какылыктаганы калар, – деп үмүттөндү үндүк.

– Мейли, менин ордума тынчтыкка символ болсоң боло бер, – деп көгүчкөн да каршылык кылбады.





– Ооба, мен тынчтыктын символу боло алам! Ко-ко-ко-ок!  – деп короз койкоюп ары-бери басты.

– Короз, жакшы кызмат кылып келе жатасың. Тынчтыктын символу болгуң келип жатыптыр. Каршы эмесмин. Болсоң бол, – деди Эрбол.

– Мындан ары кыйкырбай, какылыктабай тынч жашайм. Тынчтыктын символу деген атакка татыктуу болом, – деп сүйүнгөн короз убадасын жакшылап берди.

– Ооба, кыкка оонабай, терс иштерди кылбай, бийик даражаңа татыктуу жүр, – деп Эрбол короздун жаңы ордун куттуктады.





Ошентип короз тынчтыктын  символу болуп калды...

Таң агарды. Короз таңкы тынчтыкты бузбайын деп жакшы эле чыдады. Бирок болбоду! Кармана албай кыйкырып жиберди: “Кукареку-у!” Көнгөн адатын таштай албаган короздун үнү бул жолу ишенимдүү чыкпады, уялыңкы угулду.

Короз тынчтыкка символ боло албасын эми гана түшүндү...

Балдар, бул тамсилден сабак алалы. Короздой болуп ойлонбой иш кылып, уятка калбайлы. Ар бирибиз өз милдетибизди так аткаралы.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Кубанычбек Аркабаев
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - **4.1 деңгээли**
  - 4.2 деңгээли